

# Резюме

## *Абдыкожоева Гүлзина*

### Мугалим жөнүндө маалымат:

| Туулган жылы | 07.08.1963 жыл |
|---|---|
| Туулган жери | Нарын облусу, Жумгал району, Кызыл- Туу айылы |
| Улуту | Кыргыз |
| Үй бүлөлүк абалы | үй бүлөлүү, 5 балалуу |
| Жашаган жери | Таш Дөбө айылы, Проектируемая 5 |
| Бай. телефону | 0502478467 |

ЭМГЕК СТАЖЫ: 36 ЖЫЛ

ПЕДОГОГИКАЛЫК СТАЖЫ: 36 ЖЫЛ

ИШТЕГЕН ЖЕРИ: Чүй облустук мектеп- гимназиясы

### Билим:

| Билими | Окуган жери | Окуу жылы |
|---|---|---|
| Жогорку | Кыргыз Мамлекеттик Университети<br>Факультет: Тарых<br>Кафедра: Археология жана этнография | 1982-1989 жж.<br>диплом РВ №152258 |

### Билимин жогорулатуу курстары:

| | | | |
|---|---|---|---|
| Билимин жогорулатуу квалификациясы | Дистанционные курсы повышения квалификации учителей по проблеме "Глобальное образование в условиях школы" | 21- июнь 2006-ж. | Сертификат |
| Билим жогорулатуу квалификациясы | "Жалпы билим берүүчү мектептерде интерактивдүү | 19-ноябрь | Сертификат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | ыкмаларды окутуу" боюнча квалификацияны жогорулатуу | 2007-ж. | |
| Билим жогорулатуу квалификациясы | Кадрларды кесиптик кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу боюнча "Эмгекти коргоо" темасындагы курсу | 25- апрель<br>2008- ж. | Сертификат |
| Билим жогорулатуу квалификациясы | "Жалпы билим берүүчү мектепте инсанга багытталган окутуу аркылуу билим берүүнүн сапатын жогорулатуу" боюнча квалификацияны жогорулатуу | 21-май<br>2010-ж. | Сертификат |
| Билим жогорулатуу квалификациясы | "Педагогдордун адистик өсүүсүнүн инновациялык билим берүүчү технологиялары" боюнча квалификацияны жогорулатуу | 5- апрель<br>2016- ж. | Сертификат |
| Билим жогорулатуу квалификациясы | "Окутуунун активдүү методдору" программасы боюнча квалификацияны жогорулатуу курсу | 13- июнь<br>2017- ж. | Сертификат |
| Билим жогорулатуу квалификациясы | "Мамлекеттик билим берүү стандартын ишке ашыруу шарттарында окутуунун жана баалоонун заманбап технологиялары" программасы боюнча квалификацияны жогорулатуу курсу | 28- декабрь<br>2018- ж. | Сертификат |

## Алган сыйлыктары

| | |
|---|---|
| Түп райондук билим берүү бөлүмү | Ардак грамота, Түп району |
| Кыргыз Республикасынын билим берүү, илим жана жаштар саясаты министрлиги | Ардак Грамота |
| Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлиги | "Кыргыз Республикасынын билим берүү отличниги" төш белгиси менен сыйланган |
| Чүй облустук мектеп- гимназиясы | Райондук олимпиадада көрсөткөн жетишкендиктери үчүн |

## Тил билүү жөндөмдүүлүгү

| Тили | Билүү деңгээли |
|---|---|
| Эне тили | эн жакшы |
| Официалдуу тили | жакшы |

## Компьютердик билими:

| Программа | Билүү деңгээли |
|---|---|
| WORD | Эң жакшы |
| EXCEL | Жакшы |
| INTERNET | Жакшы |

## *2019- 2023 – жылдардын аралыгында Чүй облустук мектеп-гимназиясынын 5 жылдык тарбия иштериндеги негизги иштелүүчү иштер*

1. *Окуучулар менен тарбия ишин алып барууда Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндөгү мыйзамынын" жана башка Билим берүү министрлиги тарабынан берилген жоболордун, буйруктардын, тарбия ишине тиешелүү нормативдик, укуктук документтердин жана мектептин уставындагы көрсөтмөлөрдү аткаруу менен иш жүргүзүү.*
2. *Окуучуларды тарбиялоодо тарбиялоонун концепциясынын жана тарбиялык иштерди уюштуруу боюнча ар кандай усулдук колдонмонун негизинде план түзүү жана аны ишке ашыруу.*
3. *Окуучуларды тарбиялоодогу тарбиялык иштерди туура уюштуруу.*
4. *Тарбиячынын иш- аракеттеринин негизги багыттарын иштеп чыгуу.*
5. *Тарбиячынын кызматтык милдеттери, укуктары жана жоопкерчилигин аныктоо.*
6. *Тарбиячылардын иш кагаздарында болуучу негизги документтерди аныктоо.*
7. *Окуучулардын өзү- өзү башкаруусун өнүктүрүү.*
8. *Ата- энелер менен натыйжалуу иш алып баруу жана алар менен тыгыз кызматташуу.*
9. *Окуучулардын жүрүм- турумундагы көйгөйлөрдү оңдоо жолдорун иштеп чыгуу.*
10. *Окуучуларды элдик педагогиканын негиздери менен тарбиялоо багытын өнүктүрүү.*
11. *Социалдык педагог жана психолог менен иш алып баруу.*
12. *Президент Садыр Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгын ишке ашыруу.*

*Президент Садыр Жапаровдун «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгы*

*Кыргыз Республикасынын Президенти Садыр Жапаров «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыкка кол койду.*

*Ички саясаттын эң маанилүү багытын — жогорку моралдык ченемдерди, каада-салттарды, салттуу болгон үй-бүлөлүк жана коомдук баалуулуктарды, сергек жашоону өздөштүрүү, Кыргызстан элдеринин маданияттарынын дөөлөтүн, кайталангыстыгын жана бирдиктүүлүгүн чагылдырган жалпы адамзаттык баалуулуктардын системасына өтүү аркылуу жарандарды тарбиялоону колдоо максатында токтом кылынат:*

1. *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө сунушталсын:*

*— коомчулуктун, маданият, илим жана билим берүү ишмерлеринин, бардык кызыкдар тараптардын кеңири катышуусунда 2021-жылдын 1-июнуна чейин Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө концепциясын (мындан ары — Концепция) иштеп чыксын жана киргизсин;*

*— бул чөйрөдө колдонулуп жаткан бардык ченемдик укуктук, концептуалдык, программалык документтерди аларды инвентаризациялоо жана иштелип чыгуучу Концепцияга ылайык келтирүү жагына кайра карап чыгуу;*

*— Концепцияны иштеп чыгууда төмөнкү принциптер эске алынсын:*

*турмуштук жүрүш-турушта руханий-адеп-ахлактык жүйөнүн материалдык кызыкчылыкка караганда артыкчылыгы;*

*коомдук жана мамлекеттик кызыкчылыктардын жеке кызыкчылыкка караганда артыкчылыгы жана аларды бири-бирине каршы койбоо;*

*мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдеринде, аракеттеринде калыстык принцибинин артыкчылыгы;*

*мамлекеттин жана коомдун негизи катары тарбиячылардын, мугалимдердин, врачтардын жана аскер кызматчыларынын статусунун барктуулугу жана баалуулугу;*

*патриоттуулук, каармандык, мамлекеттик жана муниципалдык бардык кызматтын элге жана Мекенге берилгендиги жана кызмат кылуусу;*

*— элдин мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, алардын кызмат адамдарына ишенич деңгээлин көтөрүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык кызматка жаңы талаптарды төмөнкүдөй негиздерде иштеп чыгуу:*

*мамлекеттик жана муниципалдык кызматчылардын Конституцияны жана мыйзамдарды сактоодо, кызмат ордундагы жана кызматтык ыйгарым укуктарды коомдук иште жана жашоо-турмушта ак ниет аткаруунун үлгүсү болуусу жана элдин пикирин жана талабын билдирүүсү;*

*мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлөө үчүн кыйла квалификациялуу, жогору адеп-ахлактуу жана кынтыксыз бедели бар адамдарды даярдоо жана алардын арасынан тандоо.*

2. *Маданият, билим берүү, илим жана спорт мамлекеттик органдары:*

*— билим берүү системасында тарбия берүүнүн улуттук маданий, руханий-адеп-ахлактык жана үй-бүлөлүк баалуулуктарга ылайык келүүсүн; жарандарды жана биринчи кезекте балдарды, анын ичинде турмуштук оор кырдаалдагы балдарды дене-бою жагынан, психикалык, социалдык, руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү үчүн шарттарды камсыз кылсын;*

*— билим берүүнүн окуу стандарттарын кайра карап чыксын жана окуучуларды жана окуу жайларынын студенттерине этика, эстетика жана дене тарбиясы боюнча предметтерди киргизсин;*

*— ар бир жарандын чыгармачыл жөндөмдөрүн ачуу жана өнүктүрүү, аны эмгекти сүйүүгө жана жогорку адеп-ахлактык принциптерге, инсандын өзүн-өзү жетилтүү жана өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашыруу көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн максималдуу жагымдуу шарттарды түзсүн;*

*— балдарда жана жаштарда бүтүн дүйнө таанууну жана заманбап илимий көз караштарды, эмгекке шыктанууну, активдүү жашоо жана кесиптик позицияны, табиятка этият мамиле кылууну калыптандырсын;*

*— билим берүү системасына жогорку деңгээлде окуу процессин жүргүзүүгө, жөндөмдүү талантуу педагогикалык жана илимий кызматкерлерди, адистерди тартсын;*

*— дене тарбия жана спорт каражаттары аркылуу өсүп келе жаткан муундун жарандык-патриоттук тарбиясын жогорулатсын;*

*— жарандардын, анын ичинде майыптардын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдардын дене тарбия жана спорт менен машыгуусу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылсын.*

*3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:*

*— руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүү, патриоттук жана дене тарбиясы жаатында мамлекеттик саясатты ишке ашыруу боюнча тиешелүү чараларды көрсүн;*

*— тиешелүү аймакта калкты руханий-адеп-ахлактык өнүктүрүүгө жана дене тарбиясына багытталган иш-чараларды туруктуу негизде уюштурсун жана өткөрсүн.*

*4. Жалпыга маалымдоо каражаттары:*

*— салттуу коомдун баалуулуктарын, үй-бүлө, сергек жашоо, Ата Мекенди сүйүү жана элге кызмат кылуунун идеалдарын үгүттөсүн;*

*— эл аралык деңгээлде өлкөнү жакшы жагынан көрсөтсүн.*

## *Чүй облустук мектеп- гимназиясындагы тарбиячылардын кызматтык милдеттери*

1. *Ар бир коллективдин мүчөсү мектептин окуу- тарбия ишине, коомдук маданий турмушуна, кайдыгер мамиле кылбастан, чын дили менен катышууга милдеттүү.*
2. *Жумушка кечикпей келүү жана себепсиз жумушту калтырбоого тийиш. Ишке убагында келүү. Окуучулардын күндөлүк, окуудагы жетишкендиктери менен таанышуу.*
3. *Тарбиячылар тарбиялык сааттарды, класстан сырткары иштерди, КВН, диспут, викторина, конференцияларды, иштиктүү оюндарды, машыгууларды өткөрүү менен окуучуларды мекенге берилгендиктин духуна, аны коргоого, элин- жерин сүйүүгө, достукта жашоого, ынтымакка, билим алууга, жаратылышты ыйык сактоого, элибиздин эртеңки тагдырын ойлогон чыныгы адамы болууга үндөө.*
4. *Окуучулар жөнүндө мугалимдер менен пикир алмашуу. Сабакка келбей калган, же үйүнө кетип сабакты калтырган окуучулар менен жекече иш алып баруу.*
5. *Окуучуларды сабакка даярданышына көмөк көрсөтүү жана көзөмөлдөө.*
6. *Окуучулардын өздүк гигиенасына көңүл буруу.*
7. *Окуучулардын кулк мүнөзүнө байкоо жүргүзүү жана алардын психологиясынын жаш өзгөчөлүгүнө жараша мамиле кылуу. Ар бир бала менен игдивидуалдуу иш жүргүзүү.*
8. *Окуучулардын бири- бирине жасаган мамилесине жана алардын жүрүш- турушуна көңүл бөлүү.*
9. *Окуучулардын сырткы көрүнүшүнө тыкан, таза, сылык, маданияттуу болушуна багыт берүү.*
10. *Окуучуларды маданияттуу туура тамактанууга үйрөтүү.*
11. *Окуучулардын өзүн- өзү тейлөөгө үйрөтүү жана ага көз салуу.*
12. *Ар бир аптанын дүйшөмбү күндөрү жатакананын бөлмөлөрүн жыйнатуу, тазалаттыруу (генеральная уборка).*
13. *Ар бир аптанын жума күндөрү гимназиянын айлана- тегерегин тазалоо.*
14. *Предметтик сабактарга мезгил- мезгил менен катышып туруу.*
15. *Гимназияда өтүлүүчү бардык декадаларга активдүү катышуу.*
16. *Гимназияда өтүлүүчү коомдук иштерге үзгүлтүксүз катышуу.*

17. *Балдардын аманчылыгына жана ден соолугуна жооптуу. Ооруп калган, ден соолугу начар балдарга өзгөчө көңүл буруу.*
18. *Класстык журналды, өздүк баракчаларды жана башка керектүү документтерди өз убагында толтуруп, ал иштерге жооптуу мамиле кылуусу зарыл.*
19. *Балдарды кемсинтүү, төмөнсүнтүү мамилелери гимназияда иштегендерге жол берилбейт. Балдарга кол тийгизүү мыйзам түрүндө каралат.*
20. *Балдардын ата- энелери менен тыгыз байланышта иштөө.*
21. *Гимназиянын спецификасы өзгөчө болгондуктан шартка байланыштуу ар кандай иштерди аткарууга милдеттүү.*

## *Өздүк маалымат*

*Мен Абдыкожоева Гүлзина 1963- жылы 7- августта Нарын облусунун, Жумгал районуна караштуу Кызыл- Туу айлында туулгам.*

*1980- жылы орто мектепти аяктагам. 1982- 1989- жылдарынын аралыгында Кыргыз мамлекеттик университенин, Тарых факультетин сырттан окуп бүтүрдүм. 1986- жылдан 1990- жылга чейин Ысык- Көл облусунун Ак- Суу районундагы К. Жантөшев атындагы мектепте тарых жана коом таануу мугалим болуп иштедим. Үй- бүлөлүк шартка байланыштуу 1993- жылдан 1997- жылдары Түп районундагы К. Үсөнбеков орто мектебинде башталгыч класстын мугалими болуп иштедим. 1998- жылдан баштап ушул эле райондогу С. Исмаев атындагы орто мектебинде башталгыч класстардын мугалими болуп иштедим. 2000- жылдан баштап 2002- жылга чейин ушул эле мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштедим. Шартка байланыштуу жер которууга туура келип 2003- жылы Чүй облустук мектеп- гимназиясында тарых мугалими болуп иштей баштадым. 2004- жылдын сентябрь айынан баштап окуу- тарбия бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалып, 2018- жылга чейин иштедим. Бул жылдардын ортосунда 2 жыл ден соолугумдун шартына байланыштуу жөн гана мугалим жана тарбиячы болуп иштедим. 2020- жылдын январынан баштап башкы тарбиячынын ордунда эмгектенип келем.*

## *Аннотация*

**Мугалимдин аты жөнү:** *Абдыкожоева Гүлзина*

**Билими:** *Жогорку*

**Бүтүргөн окуу жайы:** *Кыргыз Мамлекеттик Университети*

**Кесиби:** *тарых мугалими*

**Иштеген жери:** *Чүй облустук мектеп- гимназиясы*

**Стажы:** *36 жыл*

**Туулган жылы:** *1963- жыл 7- август*